## 3-секция. Педагогика жана психология

**УДК 371.1**

***Султаналиева Ш.К.*** *- окутуучу, НМУ*

# *Педагогикалык рефлексияга үйрөтүүнүн ыктары*

Педагогикалык рефлексия - бул субңектинин □зүн □зү ж□н гана билүүсү же түшүнүүсү эмес, «рефлексиялануучуну» башкалар кантип билишсе жана түшүнүшс□ ошону аныктап-тактоосу, анын инсандык □зг□ч□лүкт□рү, эмоционалдык реакциялары жана когнитивдүү (тааным менен байланышкан) элестетүүл□рү. Бул элестетүүл□рдүн мазмуну болуп биргелешкен ишмердүүлүктүн предмети чыкканда, рефлексиянын □зг□ч□ формасы – предметтик-рефлексиялык мамилелер □нүг□т. Рефлексиянын татаал процессинде субңектилердин □з ара чагылуусун мүн□зд□г□н т□м□нд□гүд□й позиция берилген:

- Субъектинин □зү чындыкта ал кандай болсо ошондой;
- Субъект □зүн кандай к□рс□ ошондой;
- Субъект башкага кандай к□рүнс□ ошондой,
- бул үч позиция, бирок башка субъект тараптан.

Педагогикалык рефлексия бул субңектилердин бири бирин күзгүд□гүд□й □з ара чагылуусу, анын мазмуну катары кайра түзүү, бири биринин □зг□ч□лүкт□рүн кайра чагылтуу болуп саналат. Илимий изилд□□чүл□р Д. Холмстун, Т. Ньюкомдун жана Ч. Кулинин эмгектеринде педагогикалык рефлексия – □з ара аракеттенишүү процессине жасалма, лабораториялык кырдаалдарда киргизилген субңектилердин жуптарын эксперименттик иликт□□ менен байланышкан. [1].

Л.Д.Демина педагогикалык рефлексияны т□м□нкүч□ түшүндүр□т. Бул психиканын □з абалдарын, мамилелерин, толгонууларын чагылтуу, инсандык баалуулуктарын башкаруу касиети. Рефлексия адамдын аң-сезимин □зүнүн ички дүйн□сүн□ «бурат». Бул □з кылыктарын, мамилелерин, баалуулуктарын аңдоого гана эмес, зарыл болгондо, аларды кайра куруугa, ал үчүн жаңы негиздерди табууга к□м□кт□ш□т.

Рефлексия – бул □зүн түшүнүү, □зүн таануу гана эмес. Ал башканы түшүнүү жана баалоо □ңдүү процесстерди да камтыйт. Рефлексиянын жардамы менен □з аң-сезимин, баалуулуктарын, пикирлерин башка адамдардын, топтордун, коомдун, жалпы адамзаттык баалуулуктар, пикирлер, мамилелер менен дал келтирүүг□ жетишилет. Бир нерсени рефлексиялоо – бул демек ошону «баштан кечирүү», «□зүнүн ички дүйн□сү аркылуу □тк□рүү», «баалоо».

Рефлексия дүйн□сү ар бир адамда к□п түрдүү, бай жана индивидуалдуу. Так ушул рефлексияга ж□нд□мдүүлүк адамга жашоонун, аракеттердин элестери менен маанилерин түпт□□г□, натыйжасыздарын жоюуга мүмкүндүк берет. Рефлексиянын эң маанилүү □зг□ч□лүгү болуп алардын □з активдүүлүгүн инсандык баалуулуктарга жана маанилерге ылайык башкаруу, ишмердүүлүктүн □зг□рүлг□н шарттарына, максаттарына, милдеттерине байланыштуу жаңы механизмдерди калыптоо жана аларга □түү ж□нд□мдүүлүгү саналат. Рефлексия □тк□ндү аңдоону жана болочокту болжоону камсыздайт [3].

Педагогикалык рефлексияга үйрөтүүнүн ыктарын шарттуу түрдө эки чоң топко бөлүүгө болот:

I. Окутуучу менен окуучунун дүйнөкөрүмдүк жана психологиялык көрсөтмөлөрүн,

окутуу жүргөн атмосферанын өзүн, бүткүл окуу процессинин негизинде жаткан ошол «идеологияны» максатка багытталган алмаштырууга тийиштүүлөр киришет. Окуучу рефлексиялай баштасын үчүн анын рефлексияга чыгуусу, анын өз ички дүйнөсүнө, өз тажрыйбасына кайрылуусу ар тараптуу колдоого алынган жана стимулданган шарттарды түзүү зарыл. Рефлексияга (же рефлексиялуу позицияга) чыгуунун маңызы төмөнкүдө жатат: индивид ишмердүүлүктүн көндүм ыгын токтотот (ой ишмердүүлүгүн), аракеттенбей калат (бул сөздүн кеңири маанисинде башкача айтканда практикалык ишмердүүлүктү жүзөгө ашырбай, ойлонбой, коммуникацияга барбай) жана кандайдыр «четке чыгат», бул ишмердүүлүктүн чегинен башка жогоруда саналган үчөөнүн кайсы бирөөнө чыгат да ага сырттан карай баштайт, аны карап чыгуунун обңектиси кылат, бул аны жаңыча «көрүүгө» (а кээде дегеле биринчи жолу көрүүгө) жана талдай баштоого жол берет. Бул мааниде рефлексиялабаган А индивиди (1-схема), эмненидир жасап, сөзмө-сөз түрдө "эмне кылып жатканын билбейт", ал үчүн болуп жаткандын баары «буюмдардын табигый абалы», "окуялардын табигый жүрүшү" болуп саналат. Рефлексиялык позицияга чыккан Б индивиди үчүн болсо (1-схема) аны менен (же анын тажрыйбасында кимсакталып калса ошону менен) болуп жаткандын баары, карап чыгуунун обңектиси катары, изилдөгө, талдоого, түшүнүүгө тийиштүү нерсе катары эмнедир таанылбагандын, белгисиздин, таануу жана түшүнүү керек болгондун статусуна ээ болот. Рефлексия кайсыдыр бир «билбестик» катталган, «билбестик жөнүндө билим» пайда болгон учурдан башталат".




Аракеттеги индивид

Мындай каттоосуз индивиде эмненидир таануу жана түшүнүү зарылдыгы жаралбайт да, жарала албайт. Рефлексияга үйрөтүү ыктарынын биринчи тобу мындай зарылдык жаралуучу шарттарды түзүүгө багытталган ыктарды бириктирет.

II. Окуучуну рефлексияга, рефлексиялык позицияга чыгарууга да, аны активдештирүүгө да багытталган кыйла жекече дидактикалык ыкмаларды бириктирет. Бирок бул эки топтун ортосунда так чек араны жүргүзүү кыйын, ошондуктан биз эки топту тең жалпы удаалаштыкта, «жалпы» ыкмалардан баштап «жекече» ыкмалар менен карайбыз.

1. Рефлексияга, рефлексиялык позицияга чыгууга үйрөтүүнүн зарыл шарты – окутуу практикасында кеңири таралган «билимдин культун» жоюу (мектеп окуучусун мектепте окуунун биринчи күндөрүнөн тартып эле өз билбестигин эч кандай көрсөтпөөгө,алгач окутуучу менен жолдоштрунун алдында, анан өзүнүн алдында «билем» деген түр көрсөтүүгө, муну менен өзүнүн таанымга карай жолун жабууга: «эгер сен баарын билсең» анын эмнекереги бар? – мажбурлаган «Билим – күч» (демек,

«Билбестик – алсыздык») өңдүү ар жерде таралган ураандарды эстөө жетиштүү. Бала биричи класстан эле суроо бербей калат – адегенде окутуучуга, анан өзүнө – анткени «сен суроо берсең, демек сен билбейсиң, демек алсыздыгыңды көрсөтөсүң»), мында билүү – жакшы, а билбөө – жаман, жана билбестик идеологиясын «киргизүү», анда «жакшы көрүнүү», б.а. «билүүчү» болуп көрүнүү зарылдыгы жоюлат, чыңалгандык атмосферасы жана «туура жоопту» билбей калуу, таппай калуудан коркуу жоюлат; мында «өзүнүн билбестиги тууралуу билим» дегеле билимге караганда чоң баалуулукка айланат.

2. Рефлексиялык позицияга чыгуу билгичтигине жана ага даярдыкка үйрөтүүнүн экинчи зарыл шарты – бул күмөнсүнүү жана сындоо идеологиясын киргизүү. Бул идеология болуп жатканга жана үйрөнүлүп жатканга окуучулар тарабынан макул болбоону жана көз карандысыз баалоону, эмнени болсо да ишенип кабыл алуудан баш тартууну, баарынан күмөнсүнүүнү (окутуучунун көз карашында шектенүүгө жатпай тургандан да), баарын жана бардыгын сындоону, анын ичинде, жадаса биринчи кезекте окутуучунун өзүн жана анын ишмердүүлүгүн да сындоону ар кандай колдоону жана стимулдоону болжойт. Билбестик идеологиясы менен күмөнсүнүү идеологиясын киргизүүнүн ыктары эсепсиз көп, аны же муну тандоо кырдаалдан, окуучулардын жаш курагынан, окуу предметинен, регионалдык өзгөчөлүктөрдөн көз каранды болот, бирок алардын баары заманбап методологияда жалпы кабыл алынган акыйкаттын шарттуулугу тууралуу жобого негизделишет, ал, тилекке каршы, бүгүн мектептик (мектептик гана эмес) окутуунун практикасында унутулган.
3. Окуучуларды рефлексиялык позицияга чыгуу билгичтигине жана ага даярдыкка үйрөтүүнүн үчүнчү зарыл шарты – бул белгилик идеологиясын, алкагында ар кандай предмет жана ар кандай кубулуш ошондой гана эмес, өзүнө өзү тең келбеген бир нерсе, б.а. эмнедир башканын белгиси катары каралган идеологияны киргизүү. Мында предмет менен кубулуш индивид үчүн анын, индивиддин аракетинин аркасында белгиге айланарын өзгөчө баса белгилөө керек, ошол индивид бир нерсени кароонун «ракурсун» аң сезимдүү өзгөртүүнүн эсебинен белгиге айлантат. Белгилик идеологиясын киргизүү боюнча иштин негизги багыты окуучуларды мазмундук форманы көрүүгө, формалык элементтердин ар кандай көрүнүшүнө жана өзгөрүшүнө көңүл коюуга жана формадан анын мазмунун көрө билүүгө үйрөтүү иши болуп саналат.

***Адабияттар***


1. *Левитес Д.* «Хорошо ли мы работаем, когда думаем. Что работаем хорошо?» http://www.1september.ru
2. *Демина Л.Д., Ральникова И.А.,* учебное пособие «Психическое здоровье и заүитные механизмы личности». http://www.irbis.asy/mmc/demina
3. *Семенов И.Н., Степанов С.Ю.* Личностно-рефлексивный аспект формирования решения творческих задач //Вопросы психологии 1983, №